ТЫНАЙ УУЛУ ЭСЕНЖАН



# КОМУЗДУ ЖАҢЫДАН БАШТООЧУЛАР ҮЧҮН

# Жалпы билим берүүчү мектептердин окуучулары үчүн класстан тышкары эстетикалык тарбия берүүчү окуу китеби

*Кыргыз Республикасынын*
*Илим - Маданият агартуу Министерствосу*
*сунуш кылган*

Бишкек - 98



**Эсенжан Тынаев** - 1933-жылы Токтогул районундагы Куйбышев айылында жарык дүйнөгө келген. Билими жогору. Эмгектин күжүрмөнү, күжүрмөн медалынын ээси. Мугалимдердин республикалык конкурсунда өзүнүн программасын сунуш кылып автор деген дипломго, сыйлыкка ээ болгон. Анын калеминде *"Кайгылуу Какей"*, *"Бабалардын осуяты"*, *"Ата салты"* жана башка чыгармалар бар.

Эсенжан Тынаев ушул күндө Бишкек шаарындагы Свердлов районуна караштуу балдар-жаштар борборунда комузчулар тобунун жетекчиси.

*"Комузду черткенди билсең тартынба,*

*Көпчүлүктүн алдына чыгып жаркылда.*

*Ошондо сени эл билет,*

*Комузчу деп атыңды коет белгилеп".*

Эсенжан Тынаев.

# КОМУЗДУН ТАРЫХЫ ЖАНА АНЫН АДЕПКИ ЧЫГЫШЫ ЖӨНҮНДӨ БАЯН

Комуз Кыргызстанда кылымдардан бери келе жаткан кыргыздын үч кылдуу добуш аспабы. Анын тарыхы жөнүндө кыргыз элине гана эмес бүткүл дүйнө элине таанымал. Мурунку мезгилде киши өлгөндө өзүнүн жакын туугандарына угузаарда кошок же комуз менен биринчи угузчу экен. Ошондой эле элдин кайгысын, кубанычын, арманын комуз менен аткарып келишкен. Комуз кыргыз эли үчүн керектүү аспап катарында кадырлап, сыйлап, барктап келген. Өз доорунда комузду ар бир үйдүн төрүнө туш кийиздин бетине илип коюшчу. Ал эми байлар болсо алты канат боз үйдү жабдыганда үйдүн ичин ар кандай туш кийиз, чий, карышкырдын, жолборстун, түлкүнүн, суусардын терилери менен жабдып, комузду эң жогорку жерине илип, орнамент сыяктуу пайдаланчу. Комузсуз үй көркүнө келчү эмес, мына ошол себептен комуз барктуу орнамент болгон. Комуз, коңур мукамдуу назик добушу менен элге жаккан. Комуз нечен кылымдарды өткөрүп, көптү көрүп, көп жашап өмүрүн элден алып элге берген. Мына эми элибиз өз алдынча көз каранды эмес эл болгондон баштап, анын баркы өсүп кайра колго алына баштады. Комуз аркылуу тарыхыбыз да такталып жатат. Алсак "Манас" эпосунан үзүндүлөр, эпостун каармандарынын эрдиги, кайгылары, жеңиштери, акылмандуулугу, Манастын осуяты кеңири элге баяндалды. Маселен Каныкейдин арманы, Алманбеттин арманы, Семетейдин, Ак шумкардын ала качканы жана башка.

Ал эми 1916-жылкы кыргыз элинин көтөрүлүшүн, элдин кайгысын элге кеңири баяндады. Маселен үркүн, кайгылуу Какей, элдин муң-зары жана башкалар. Ошентип комуз аркылуу элибизге маданияттын баркы барабара кеңири жайылды. Кошоктордун, кайгылуу күүлөрдүн пластинкасын жаздырып, мурунку ата-бабабыздын салтындай эле аш бергенде, киши өлгөндө жайына узатуу үчүн колдонуп келе жатабыз. Бирок сейрек.

# КОМУЗДУН ЧЫГЫШЫ ЖӨНҮНДӨ

1991-жылдан тартып биздин илимпоздордун, академиктердин жана комуз маданиятына кызыгып изилдегендердин саны өсүп жатат. Маселен: Доктор, илимдин тарыхы боюнча араб тилинен А. Малаев 1990-жылы "Мухаммед А.С. пайгамбарыбыз жөнүндө" деген эмгегинде: Комузду биринчи Мухаммед А.С. жумушчу Камбар комуз домбура четкен экен. Комуз күүсү "Камбаркан" ошондон калган деген. Күндөрдүн биринде Камбар комуз домбураны чертип жатканда Мухаммад Алейхис Салам музыка жөнүндө кеп козгойт. Мухаммад пайгамбарыбыз Камбарды сен кандай күү жараттың өзүңдөн угайын, мага чертип берчи деген экен. Ошондо Камбар комузду колуна алып, биринчи "Медина" менен "Меке

нин" салгылашуусунан үзүндү, андан кийин "Камбарканды" черткен. Угуп отуруп черткен күүсүнө ыраазы болуп, өз каалоосун айткан экен: "Ырахмат Камбар, өзүң элдин турмушунан алган экенсиң, мындан ары да ушундай элге керектүү күүлөрдү чыгаргын, жолуң шыдыр болсун" деп айтып, батасын берген экен. Комуздун чыгышы жөнүндө Социалисттик эмгектен баатыры, Мамлекеттик сыйлыктын ээси, Кыргызстандын эл жазуучусу, илимдер академиясынын академиги Чыңгыз Төрөкулович Айтматовдун 1995-жылы "Кыргыз Туусуна" жарыялаган Замирбек Үсөнбаев жөнүндө макаласында "Комуз Мухаммад А.С. Камбар домбыра комуз черткен" деп жазган. "Кыргыз Туусу" 1995-ж., 24 тогуздун айы. 1991-ж. N 247 Малаев. Булдардын материалдары күбө.

## КОМУЗЧУЛАР ҮЧҮН КҮНДӨЛҮК САБАКТА ЧЕРТҮҮНҮН ПРАКТИКАЛЫК КҮҮЛӨРҮ

### *Биринчи бөлүм*

Бул китепчеде кыргыз музыкасындагы эң кеңири таралган жана эң сүйүктүү комуз жөнүндө бөтөнчө көңүл бөлүп, бир аз кененирээк токтолдук. Мында методикалык материалдар менен бирге элдик обондордун жана кара күүлөрдүн ноталары да берилди. Бул китептин негизги максаты - комуз музыкасын үйрөнүү. Китеп - орто жана башталгыч класстардын окуучуларына, өздүк таланттардын катышуучуларына жана өздүк көркөм чыгармасынын жетекчилерине, клубдун жетекчилерине, музыка мугалимдерине жана балдар борбордук чыгармасынын жетекчилерине, эстетикалык тарбия берүү мугалимдерге жана жалпы эле комуз өнөрүнө кызыккандарга арналат.

Бул китеп жаш комузчуларга жана жаңыдан комузду баштоочуларга, комуздун ансамблдеринин жетекчилерине, комуздан окуткан жаш мугалимдерге, мектептердин башталгыч мектептеринин окуучуларына жана комуз черткенди үйрөнүүчүлөргө жардам бере алат. Ошондой эле музыкалык теоретикалык маанисиндеги эмгеги болуп саналат. Жолдош Тынаев комузду үйрөнүүнү жөнөкөй, түшүнүктүү, кыскача кылып көрсөтүп, ноталаштырып, нота менен мисалдар келтирет. Комуз кружогунун күндөлүк өткөргөн иш тажрыйбасынын жакшы жактарын алып, күндөлүк окутуу методикасына колдонгон. Бирок, бул мезгилге чейин да кыргыздын элдик музыкалык аспабы комуз жөнүндө музыка изилдөөчүлөр Б. Алагушов, Т.Медетов жана З. Иманалиев, Ж. Үркүнбаев, Чалагыздар "Комуз черткенге үйрөтүү" деген окуу куралында жалпы, үстүртөн мугалимдик тажрыйба менен эмес искусство ишмери катарында күүлөрдү нота менен окуу китебин жазышкан. Бирок, китепте көбүнчө залкар күүлөр ноталашкан. Маселен: Карамолдо Орозовдун "Камбарканы" же болбосо "Сынган бугусун", Атай Огонбаевдин "Маш ботоюн" Ыбрай Ту-

мановдун "Жыргал күүсүн" жана башка күүлөрдү ноталаштырган. Чындыгында комузду биринчи черткен окуучуга манжасын, муундарын ийбей туруп мындай залкар комузчулардын күүлөрүн черттирбеш керек.

Биринчи жолу көнүгүүгө үч шилтемдерди кайталоо керек. Качан окуучу манжалары басканга көнгөндө чейрек нота боюнча бир-эки, үч, төрт деп чертилиштерге көнүгүү жасатыш керек. Чертилиштердин аралыгына биринчи чертилиште чыпалак, экинчи чертилиште ортон, үчүнчү чертилиште сөөмөй, төртүнчү чертилиште сөөмөй, бешинчи чертилиште ортон деп чертилиштерди тапканга көндүрүш керек. Комуздун ар бир чертилишин же анын арасын, манжалардын ыраатуулугун, сөөмөй 1, аты жок 3, ортон 2 менен чыпалактын 4 аралыгын туура үйрөтүш керек. Окуучулар 1-кыл менен 2-кылдын аралыгын басканды билиш керек.

## КОМУЗ МЕНЕН ОКУУЧУНУ ТААНЫШТЫРУУ

Биринчиден комузду каалап, бирок комузду кармабаган жаш балдар комуз кружогуна келишет. Биринчи жолу аларга комуздун эрежесин ар бир баланы жекече бирден чакырып, отургучка отургузуп алып, комуздун эрежеси боюнча колуна комузду түз кармаганды, сол манжа менен кылды басканды, баш бармакты комуздун кырына койгонду, чыпалакты комуздун аягына келтиргенди, биринчи актавадан аралыкты аныктаганды үйрөтүш керек. Сол манжанын ортону биринчи кылды, сөөмөйү экинчи кылды, аты жок басылбайт, чыпалак биринчи кылды басат деп манжанын муундарына көнүгүү жасаттырыш керек. Биринчи беш чертилишти окутуу зарыл. Кийинки мезгилде кайра куруу, Кыргызстан өз алдынча эркин мамлекет болгондон кийин кыргыз элинин тили, маданияты, үрп-адаты күндөн күнгө өсүүдө. Музыкалык чыгармалар, өздүк көркөм демилгеси кеңири жайылды. Бирок, окуу жайларында, мектептерде, кружоктордо дале болсо мурунку эски жол боюнча - угуу, көрүү жолдору менен комузду үйрөтүп келе жатышат. Ал окуучулардын суроосунун өсүшү, бул музыкалык сабатты талап кылат. Ошондуктан менин бул жазган китебим окуучулар үчүн зарыл. Ошондой эле негизги курал боло алат деп ойлоймун.

Ушул мезгилге чейин Зайнидин Иманалиев Үркүмбаевдин "Комуз черткенге үйрөнөбүз" деген китебинен башка бир да окуу китеп жазган адам болгон жок. Азыркы учурга ылайык комуз жөнүндөгү окуу китеп өтө керек. Ошондуктан мен бул китепти жөнөкөй тилде гана түздүм. Музыкалык терминдер, октавалар, кайсы ното кайсы сызыкта, аралыктар жөнүндө түшүнүк берилди. Окуучулар үчүн көнүгүү кайсы манжа кайсы кылды баскандыгы жана кайсы орунда тургандыгы, октавалардын аралыгы жөнүндөгү көнүгүүдөн бир канча мисалдар келтирилди. Ушул келтирилген мисалдар окуучулар үчүн тажрыйба жүзүндө жардам бере ал

бастыгы ар бир комуздун жетекчилерине белгилүү. Ошондуктан ар бир комузду сүйүүчү жаш окуучу биринчи жолу комузга келгенде, ал биринчи сабакта комуздун кыскача тарыхы менен таанышышы керек. Комуз биринчи жолу кайдан чыккан, кантип пайда болгон, биринчи кимдер ойлоп тапкан. Анын тарыхы менен таанышкандан кийин окуучуларга, мурунку залкар комузчулардын аттары менен тааныштырып, андан кийин алардын чыгармасынан баяндама берүү керек. Жаш окуучуларды отургузуп алып алардын сезимине, ритмикасына байкоо жүргүзүш керек. Окуучуга биринчи комузга кандай мамиле жазоону, комуздун эрежесин, андан кийин чертилиштерди, аныктаганды, аралыктарды, сактаганды окутуш керек. Мындан тышкары бул китепте чертүүнүн түрлөрүн шилтемдерди, манжаларды комуз күүлөрүнүн ноталаштыруу эрежелерин, кылдардын башкарылышын сөз менен түшүндүрүш керек. Андан кийин нота жолу менен окутуу, аларга теориялык терең билим алууга мүмкүн. Андан кийин комуздун күүлөнүшүн.

## КОМУЗДУН КҮҮЛӨНҮШҮ

Комуздун күүлөнүшү ар түрдүү. Ал буроолордун (толгоолордун) баардыгы комузчулардын арасында кеңири таралган. Алсак ортоңкусу өтө чың, алдыңкысы андан да бошураак, ал эми үстүңкүсү тигил экөөнө караганда бош толгонот. Ар бир комузчу кылды өзү каалагандай кере, бош оңго, солго, толгоп чертет. Мына ошондон улам комузчулар "Кертолгоо", "Бош буроо, " Сол толгоо", "Оң толгоо" деген күүлөрдү да чыгарышкан. Ар кандай күүлөргө түрдүүчө күүлөнөт. Алсак белгилүү комузчу Чалакыз Иманкуловдун айтымына караганда "Камбаркан", "Ботой" өңдүү күүлөрдүн ортоңку кылы "ляга" эки четкиси "реге", "Шыңгырама" сыяктуу күүлөрдүн ортоңкусу "ляга" алдыңкысы "миге", үстүңкүсү "реге", "Ак тамак, көк тамак" шекилдүү күүлөрдүн ортоңкусу "ляга", астыңкысы "реге" жогоркусу "миге" күүлөнөт. Жалпысын айтканда комуз 7 толгоодо буралат. Алсак алар төмөнкүлөр:

1. Оң толгоо (орто толгоо) - мында комуздун ортоңку кылынан эки четки кылы бирдей бийиктикте толгонот. Бул буроодо элдик эски күүлөр "Жаа толгоо", "Кер толгоо" жана обон күүлөр чертилет. Булар аспаптын белинен басылат.

2. "Шыңгырама" - "шыңгырама толгоосу" мында ортоңку кыл чыңыраак, астыңкы кыл саал бошураак, үстүңкү кыл андан пасыраак коңур толгонот. Анда шыңгырама күүлөрү аткарылат. Алар аспаптын аягынан басып чертилет.

3. "Камбаркан толгоосу" - бул буроодо ортоңку кыл чыңыраак, эки четкиси бири бирине барабар бош күүлөнөт. Мындай толгоодо негизинен камбаркан күүлөрү чертилет.

4. "Ооган күүлөрдүн буроосу"- мында ортоңку кылы чың, үстүңкү күүсү бош, асты бошураак буралат.

5. "Терс буроо" - мында ортоңку кыл менен астыңкы кыл бирдей күүлөнөт. Бирок да астыңкы кыл билинээр-билинбес бошураак толгонот. Ал эми үстүңкүсү болсо өтө бош буралат. Бул күүлөрдө негизинен оң жана арман күүлөр чертилет. Терс толгоо өтө татаал, ошондуктан комузчулар баары эле толгоп черте алышпайт.

6. Калмакча толгоо - бул күүлөрдө ортоңку кылы өтө бош толгонот. Мында "Калмактын бийи", "Абактын арманы", "Жакыптын арманы" деген эски күүлөр толгонуп чертилет.

7. Салтанат буроо - аспаптын үстүңкү кылы өтө бош, ортоңкусу чың, астыңкысы ортоңкусунан бир аз бош толгонот. Ал эми белгилүү комузчу Асанбек Жаналиевдин айтуусу боюнча анын чертилишине карата аспаптын кулагынын буралышына, толгонушуна жараша оң-сол күүлөр делип экиге бөлүнөт. Ошондуктан оң жакка буралып чертилген чыгарма-



ларды оң күүлөр деп айтат.

***Маселен:***



1. Четки кыл квинтадагы унисонго күүлөнсө ортоңкудан кийинкиси камбаркандын толгоосун берет:



2. Ошол эле кылдар ортоңкудан төмөн түшүүчү квартада "кербездердин" толгоосун мүнөздөйт.

Ал эми сол жактагы биринчи кыл (эгерде) аспапты астынан моюнунан жогору кармасаң квинтадан төмөн, а үчүнчүсү (оңдогусунун) квартада түшүрсөк (күүлөсөк) анда биз шыңгыраманын толгоосун алабыз.

***Маселен:***



Ал эми биринчи кылдын төмөнкү квартасы үчүнчү кылдын жогорку секундасы оң күүнүн толгоосун берет.



Биринчи кылдын төмөнкү квинтасы жана үчүнчү кылдын жогорку секундасы терс күүнүн буроосун берет.



Акырында дагы бир толгоо бар, экинчи кылдан үчүнчү кылга өтөт, квинтадан төмөн күүлөнөт. Ал эми экинчи квартага жогору,



аны далилдегенде комузду төмөндөгү толгоолор: ***1-кыл , 2-кыл, 3-кыл***



***чың толгоо, бош толгоо, оң толгоо***

жана башкаларды көрсөтүүгө болот. Ошондой болсо да, комуз кварта менен квинтага күүлөнөт. Комуздагы мындай ар башка толгоолор классикалык күүлөрдүн татаал ыкмалары менен жол ачат.

## ҮНДӨР ТУУРАЛУУ

Биз үн деп биздин кулагыбыз уккандын баардыгын айтабыз. Маселен: каткырык, же болбосо комуз, темир комуз жана башка музыкалык аспаптарда чыккан үндөр. Ушулардын баардыгы үндөр деп аталат.

Үн негизинен 2 түргө бөлүнөт. Алардын биринчиси музыкалуу үндөр жана экинчиси музыкасыз үндөр. Музыкалуу үндөр деп - белгилүү бир бийиктике болгон үндөрдү музыкалуу үндөр деп айтабыз. Адам баласынын кулагы уккан үндөрдүн баары музыкалуу үндөр деп айтылат. Музыкалуу үндөр мисалы: адам баласынын табышынан алынганды ырдоо, музыкалык аспаптарда, комузда, кыякта жана ошол сыяктуу аспаптарда ойнолуучу музыкаларды атоого болот. Калган үндөрдүн белгилүү бир бийиктиги болбогондуктан музыкасыз үндөр болуп эсептелет. Маселен:

деңгелектүн табышы, жыгачтын бири-бирине кагылышы, суунун шаркырап агышы жана ошол сыяктуулар музыкалуу үндөргө кошулбайт.

## КӨНҮГҮҮ ЭРЕЖЕСИ

Биз ар бир окуучунун каалоосуна жараша кабыл алабыз.

Окуучу биринчи жолу практика жүзүндө күү черткен оңой деп түшүнөт. Бирок комуздун чертилишинде сол колдун манжалары кайсы кылдарды басаарын түшүнбөйт жана манжаны кайсы аралыкка аныктарын да билишпейт. Ал эми биринчи чертилиште сол манжанын баш бармагы үстүңкү кылга, сөөмөйдү экинчи кылга, ал эми ортоңку манжаны биринчи, чыпалак менен астыңкы кылды бастырып көрсөк ушул манжалары эпке келбейт. Мындайынча айтканда манжаралардын муундары ийилбейт. Ошондуктан биз, мугалимдер же болбосо комузчулар тобунун жетекчилери окуучуларга окутуш үчүн алар менен көнүгүү эрежесин колдонушубуз керек.

Биринчи комуз чертkенге, аткарганга, манжаны кылга туура койгонго үйрөнгөнчө иштешибиз керек.

Муундарды ийгенче көндүрүү, сөөмөйдү, ортонду, чыпалакты туура кылга койдуруу үчүн көнүгүү эрежесин окутуу керек. Маселен, ***он кол,***



***сол кол.***



Бул эрежени окуучуга түшүндүрүш үчүн бир канча убакыт сабак өтүш керек.

Андан кийин жарым нотанын ченеминен баштап 8дик нотанын ченемине чейин, бүтүн нотаны кошо өтүш керек. Көнүгүү жасап үйрөнгөндөн кийин тандап алган же үйрөнө турган күүнү черткенге аракет кылса болот. Ошол жогорудагы эрежени аткаргандан кийин аткара турган обон күүгө көнүгүү жасаса сол, оң манжа барабар иштеп, черткенге жарап калат. Барабар ылдамдыкта же бир темпте.

***Мисалы:***

"Замандашыма"

Алыкул Осмоновдун бул ырын бүтүн ното менен аткарса болот. Ошон

дой эле башка обон менен ырдалып аткара турган күүлөрдү аткарса болот. Бирок окуучулардын баардыгы эле аткара бербейт. Ошонун ичинен да шыктуулар, зээндүүлөр тандалып, өзүнүн күчүнө жараша аныкталат. Ошентип биринчи жылы окуган окуучу жанданып калат. Бирок, балдарды окутууда мугалимдин тажрыйбасына, берген билимине жараша окуучу билим ала алат. Балдардын ийгиликтүү билим алышына комуздан берген мугалимдин же комузчулар тобунун жетекчисине жараша болот.

***Маселен:***

Окуучулардын нота менен чертишине, нотаны жакшылап тамгасынан тартып жакшы окуганды билсе ар бир окуучунун кругозору өсүп, чыгарманын кайрыктарын так аткара алат. Бул ошол окуу жайынын же болбосо балдар чыгармачылык борборунун жакшы жолго окуучуларды окуткандыгынын жыйынтыгынан болот. Методикалык пособиялардын класстагы мааниси чоң. Ошондуктан музыка мугалими бир жагына көңүл бурбастан, окуучулардын зээнинин, акылынын өсүшүнө да көңүл буруш керек. Ошол окуткан чыгарма, ыр-күүлөр музыкалык жөндөмүнө, күү аткарышына жардам берет. Окуучунун жакшы күү аткарышына манжанын такталышы чоң мааниде жана күүнүн кайрыктарын так кайрыганды аткарыш үчүн эки манжа сол жана оң колдордун мааниси чоң.

***Маселен: оң кол***



Көпчүлүк убактарда окуучулардын комуздун баскычын басышы, кылга коюлушу колдун узундугуна жараша болот.

Колу узун окуучулар үчүн баскычтар аралыктардын дал өзүнөн басып жетип турат. Ал эми колу кыскалардыкы болсо кыйын чертилиште аралыктарды туура басканга жетпейт ошол себептен аткарылып жаткан күү так аткарылбайт. Көпчүлүк мезгилиде сөөмөй, ортон, чыпалак эркин жетип баскычка кылды так баса албайт. Кылга же кылдын үстүнө так басыш үчүн манжанын учу тийип туруш керек. Манжанын учу кылга жеңил, жумшак тийип, сөөмөй, ортон, чыпалак бири-бири менен эркин байланышып туруш керек. Маселен, 1-сүрөттү карагыла.

**1**



Окуучунун сөөмөйү, ортону, чыпалагы бири-бирине байланышып жеңил, эркин болушу зарыл. Кыскача айтканда комузду черткенде мугалимдин талабына жаккандай аткарыш керек. Бул ар бир окуучунун такшалышына жараша болот.

**2.**



Ушул көрсөтүлгөн методика окуучулар үчүн окутууда окуучулардын манжасынын туура басышына көнүгүүсүнө жардам берет.

**3.**



Ушул эреже боюнча муундары ийилип, кыймылы туура тездейт. Биринчи ортонду андан кийин чыпалакты, сөөмөйдү бири-бирин алмаштырганда өз убактысы боюнча бири-бирине жетишет. Ошондой эле бири-бирине алмашканда эч качан үзүлбөйт, аралыктагы аткарылган чыгарманын үнү кайрылып кылга коюлушу так болот.

***Мисалы:***



Ошентип бир обонду аткарганда дайыма биринен экинчисин аткарганда кыскача болуш керек. Ал эми аткарыла турган обондун аралыгы биринчиден экинчиге өткөндө бири-бирине билинбей калыш керек.



**Маселеп:**




Окуучулар комузду черткенде ар качан ката кетирип, мугалимдин талабындай аткара албайт. Ошон үчүн окуучу булчуңдарын иштетүүгө көнүгүү жасаш керек. Ошого жетекчи окуучу менен иштеш керек.

## НОТАНЫ ОКУУ

Комузду черткенди жакшылап өздөштүрүш үчүн окуучу нотаны жакшы окуп, күү черткенде иш жүзүндө пайдаланышы керек. Окуучу нотаны эркин окуганды билиш керек. Нотаны жакшы окуп билген окуучу күү черткенди да билет, ар кандай обондорду да аткарат. Ар качан өзүнүн ички сезимин өстүрөт. Мындай жетишүүдө окуучунун угуусу жакшы болушу керек. Нота ар качан жардам берет үндүн созулушуна, бийиктигине, төмөндөшүнө. Ошондой эле эки катар нотанын жазылышын, аткарылышын ажыратып билиш керек.

***Маселен:***



Катарлаш эки нота үстү, асты болуп жазылат, үстүңкү, астыңкы нота ошол чыгарманын аралыгы болуп белгиленет, Бул нотаны ажыратып окуганды билгендер, аткаруучулар алар эки манжасы мындайынча айтканда

Сол - манжа



оң манжасы бирдей ылдамдыкта басып такшала баштайт. Ошондой эле окуучу так бүтүн, жарым төрттүк, сегиздик, он алтылыкта оң, сол колдор ылдамдыкта көнүп калат.

Аягында айта турганым күүнү комузда чертип ойногондо оң-сол кол менен ойноп, ар дайым күүнү так, ылдамыраак ошол нотадагы жазылган белгилер боюнча окуучу өздөштүрө алат.

# ЧЕРТИЛИШТЕР БОЮНЧА КӨНҮГҮҮЛӨР











## МУЗЫКАЛЫК ҮНДӨРДҮН КАСИЕТТЕРИ

1. Созулуштары - башкача айтканда мүнөздөрү көбүрөөк же азыраак созулушу мүмкүн.

2. Бийиктиги - үндөрдүн ичке, орто, жоон жагынан болгон даражасы.

3. Үндүн күүсүнүн касиеттери - көбүрөөк же азыраак, катуу же акырын болот.

4. Тембр - башкача айтканда үндүн түрлөнүш мүнөздөрү. Маселен: тембр комуз комузда кошулуп аткарылган үндөр. Тембр деген сөз үндүн сапаттын мүнөзүн белгилейт.

## МУЗЫКАЛЫК ҮНДӨРДҮН АТТАРЫ

Музыкада 7 негиздүү аттары бар. Булардын италияча аттары төмөндөгүдөй: до, ре, ми, фа, соль, ля, си, до же болбосо латынча тыбышта ***С Ч Е Г С Ч А. Н*** жана булар түрдүү бийиктикте катары менен кайталана берет. Мындайча жыйынтыктап айтканда болгон үндөр октава, ал эми кыргызча айтканда сегиз деп айтылат.

## ОКТАВАЛАРДЫН АТТАРЫ

Октавалардын эң (жоон үндүүсү) супконтур октава деп аталат. Андан кийин контр октава, чоң октава, кичине октава, биринчи октава, экинчи октава, үчүнчү октава, төртүнчү октава жана бешинчи октава.

Нотанын белгилери.

Мындан мурунку чоң жана кичине тамгалар аркылуу музыкалык үндөрдү элестетүү жолдору.

## КОМУЗ КҮҮСҮНҮН ТҮРЛӨРҮ

Комуз күүсү негизинен үч түргө бөлүнөт. Биринчи түрү кара күү деп аталат. Мындай күүнүн катарына Карамолдо Орозовдун "Сынган бугу", Ыбрай Тумановдун "Паровозу" жана башка күүлөр кирет. Экинчи түрү обон күүлөр. Бул күүнүн катарына Токтогул Сатылгановдун "Кербезим", Темиркул Үмөталиевдин "Комузчу", Мукай Элабаевдин "Эсимде" жана обон менен ырдалган үндөр кирет. Обон күүлөр ырдын аткарылышына жараша болот.

## КОЛ ОЙНОТМО КҮҮЛӨР

Бул обон кара күүгө караганда колду түркүн кубулта ойнотуп, ыр жана учкак сөздөр менен жетектеп чертилет. Мындай ырлардын катарына Ниязаалынын "Көйрөн күүсү", Токтогул жана Айдараалынын күүлөрүндө кезигет. Алардын кол ойнотмо күүлөрү ата-бабадан баштап азыркы муу-

ндарга чейин уланып келе жатат. Комуз музыкасындагы ыкмалардын көбү ар түркүн баяндамалар, кара сөздөр менен коштолуп аткарылат.

## КАЙГЫЛУУ КҮҮЛӨР

Кайгылуу күүлөр кыргыз элинин тарыхында муундан-муунга уланып келүүдө.

Мисалы, "Кайгылуу Какей", "Карагул ботом", "Каныкейдин арманы", "Алмамбеттин арманы", "Токтогулдун баласы Амантайдын арманы", бул күүлөр салт катары уланып келе жатат.

## КОМУЗДАГЫ ЧОҢ ЖАНА КИЧИНЕ ЖАНРДАГЫ КҮҮЛӨР

Обон күүлөрдү черткенде эң зор колдонгон штрихтердин бири терип чертме. Бул оң колдун бармагы менен сөөмөйү башкы милдетти аткарат. Өзгөчө ар бир кылды эң назик быдырата терет. Бул учурда аткаруучунун сол колунун сөөмөйү менен ортон астыңкы кылдарды басат. Терип чертмеде оң кол аспаптын ар кайсы жеринен терет. Мындай терип чертме күүлөрү комузчулардын ичинен өзгөчө Токтогулдун, Карамолдонун күүлөрүндө колдонгон.

## КОМУЗ ЧЫГАРМАЛАРЫНДА НОТА ТААНУУНУН АЧЫЛЫШЫ

Көп улуттуу элдердин аспаптарынын ичинен комуз - үнү жана чертилишинин татаалдыгы менен айырмаланат. Эгерде биз мурун угуу, көрүү жолу менен комузду үйрөнүп келсек, эми ушул мезгилде башка өлкөлөрдүн элдериндей эле комузда обон-күүлөрдү туура так чертиш үчүн нотаны пайдаланып жатабыз. Нота ар бир обон-күүдөгү добуштарды жеңил табууда, кылдарды так башкарууда, ошондой эле нота жазууну жана окууну жеңилдетүү максатында пайдаланылат.

***Маселен:***




1. Чертилиш ал дайым нота станынын үстүнө берилет.

***Маселен:***

1. Чертилиш
2. Комуздун күүлөнүшү 3-4 кыл тактысы "а", "б", "в".

3-4 кыл тактысы кайсы добуш кайсы кылда экенин көрсөтөт.

5. Мында добуш катары бүт эмес, алынган чыгармага катышуучу добуштар көрсөтүлөт.

6. Кайсы добушту алганда кайсы кыл жабылаары көрсөтүлөт.

7. Ачык кылдын добушу обон күүгө окшосо ал 0 деген сан менен көрсөтүлүп, нота станынын алдына жазылат.

8. Добуштар кайсы манжа менен басылаары нотанын астына берилет.

## МУЗЫКАЛЫК САБАК

Нота станы деп музыкалык добуштар жазыла турган жарым бош сызык аталат.

Скрипкалык ачкыч, ал соль добушу экинчи сызыкка бастырылып жазыла турганын көрсөтөт. Ошондуктан экинчи сызыкты тегерете алып, нота станынын башына жазылат.






Негизги добуштар катары музыкалык системада добуштардын негизги жети баскычы бар. Алардын ар бири өз алдынча до, ре, ми, фа, соль, ля, си деп аталат. Үндүн мындай музыкалык жолу боюнча бийиктигине карай ырааттуу жайгашуусу добуш катары деп аталат.

***Биринчи октавадагы добуштар***



***Экинчи октавадагы добуштар***



Ар кайсы үндөр нота менен аныкталат.

# ШАРТТУУ БЕЛГИЛЕР

"**а**" үстүнкү кыл - **ре** (***ми***) жабылышы
"**б**" ортоңку кыл - **ля** жабылышы
"**а**" астыңкы кыл - **ми** жабылышы
Ошондой эле чертилишти табуу.

Чертилиш орусча (позиция) деп айтылат. Ал дайыма нотанын сызыгынын үстүнө берилет. Кайсы добуш кайсы кылда экенин көрсөтөт. Ал жөнүндө мурунку шарттуу белгилерден жакшылап карап таанышуулары керек.

***Маселен:***



***Үч шилтемдер***



Бул шилтемдердин тартиби төмөндөгүдөй:
Терилиш эрежелер боюнча көрсөтүлөт.

# БИРИНЧИ ЧЕРТИЛИШТЕГИ ҮНДӨР

Колду башкаруу, кылды кылга так манжаны басуу. Колду көнүктүрүү кылды жабуу менен оңтойлуу болуп чыкпастыгы көрүндү. Аны менен жалаң музыкалык үндөрдүн касиеттери жана анын бийиктиги гана эсептелинет. Ошондуктан музыкалык практикада кагаз жүзүндө түшүнүү үчүн музыкалык үндөрдү башка бөтөнчө тамгаларды пайдаланып иш жүзүнө ашырат, аны нота деп атайт. Ал ното болсо үндүн бийиктигин гана ажыратууга, түшүнүүгө, нота боюнча бардыгын аткарууга мүмкүндүк берет. Нота же ноталык белгилерде овал формасы болот. Анын созулушуна жараша элестетилет. Алынган созулуш жагынан бирдиги бүтүн деп эсептелет. Бүтүн нота жарымдан экиге бөлүнгөнгө барабар.

***Маселен:***  же жарым нотадан экөө бир бүтүн нотага барабар.

***Мисалы:***  Ар бир бүтүн ноталардын экиге бөлүнгөндүгүн биринин ичинде эки чейрек нотадан бар.

***Маселен:***  же эки чейректик нота бириктирилсе ал жарым нота болот.

***Маселен:***  башкача айтканда төрт чейректик нота бирикти- рилсе ал бүтүн нота болот.

***Маселен:***  экинчи түргө салып айтканда бүтүн нотанын ичинде төрт чейректик нота бар. Жарым нотанын ичинде эки чейректик нота бар. Бир чейректик нотанын ичинде сегиздик нотадан экиден болот.

***Маселен:***  башкача айтканда сегиздик нота экөө биригип бир чейректик нотанын көлөмүн алат. Же болбосо сегиздик нотадан сегизи бириктирилсе бир бүтүн нотанын көлөмүн алат.

***Маселен:*** же  тескерисинче сегиздик нотанын төртөө бириктирилсе бүтүн нотанын экиге бөлүнгөн нотасынын жарым бөлүгүнө барабар.

***Маселе:***  же тескерисинче жарымдык нотанын ичинде төрт сегиздик нота бар.

***Маселен:***  бир сегиздик нотанын ичинде он алтылык нотадан экөө болот.

***Маселен:***  эки он алтылык нота бириктирилсе бир сегиздик нота менен барабар. Он алтылык нота менен он алтылык ното бириктирилсе бүтүн нотага барабар.

***Маселен:*** же тескерисинче экинчи түрдөгүсүн айтканда жарым нотанын ичинде он алтылык нотадан сегизи болот.

***Маселен:***



*же тескерисинче*



бир чейректик нотанын ичинде он алтылык нотадан төртөө болот.



***Маселен:***  тескерисинче сегиздик он алтылык отуз экилик ноталар экиден же андан да катарлап келе тургандыгы кезде  ноталардын таякчалары нотанын созулуштарына карап бир, эки, үч же төрт туура сызыкчалар менен жазылат. Эгерде ноталар жана кесикче же андан да көп кезиге турган болсо ал убакта нотанын жазуу ылайыгына карап, сегиздик, он алтылык, отуз экилик, алтымыш төрттүк ноталардын созулуштарына карап куйрук коюп жазылат.

## СОЗУЛУШТУН БӨЛҮКТӨРҮ

Нотанын созулуштары жөнүндө алсак алар туруктуу эмес. Алардын аткарылышы алардын мүнөзүнө жараша болот. Жарым нотанын созулу

шу бүтүн нотанын созулушуна караганда кем болот. Бүтүн нота созулушунда 4 секунд ал эми жарым нота созулушунда эки секунд үн чыгарат. Ошого жараша өзгөрөт. Окуучулар алардын бардык түрлөрү менен практика жүзүндө комузга пайдаланып таанышышы керек.

***Мисалы:***



секстол

секстон

Кээ бир учурларда экилик тийинди бөлүнүшүндө кезигет. Үчтүк нотанын өзүндөй болуп кала берет.

***Мисалы:***





## МЫНА МИНТИП

*Биз ойнойбуз жол салып,*
*Колго күрөк балка алып.*
*Мына минтип, мына минтип,*
*Мына минтип, мына минтип.*

*Тоголото топ тептик,*
*Топко сала биз жеттик.*
*Мына минтип, мына минтип,*
*Мына минтип, мына минтип.*

*Мышык чычкан ойнойбуз,*
*Мышык жолун торойбуз.*
*Мына минтип, мына минтип,*
*Мына минтип, мына минтип.*

Нотасын жазган Э.Тынаев.



## НОТАНЫН СОЗУЛУШТАРЫ ЖӨНҮНДӨ ТҮШҮНҮК

Нотанын созулушу жөнүндөгү түшүнүк туруктуу эмес. Ал маселен бүтүн нотанын созулушу музыкалык чыгарманын тез аткарылышына же мүнөзүнө жараша ар түрдүү болот. Нота аралыгында ар түрдүү созулуштардын туруктуулугу да болот. Маселен, жарым нотанын созулушу бүтүн нотанын созулушуна караганда кем болот. Эгерде бүтүн нота созулушунда төрт секунд чыгарган кезде жарым нота созулушунда эки секунд үн чыгарат. Эгерде бүтүн нотанын созулуш убактысы өзгөртүлсө ал убакытта ага жараша жарым чейрек майдараак ноталардын да созулуш убактары өзгөртүлөт.

## БӨЛҮНҮШТӨР

Бүтүн нота жарымдан экиге төрт чейрек, сегиз сегиздик болуп бөлүнөт. Булар жөнүндө схематикалык мисалдарды келтирдим. Анда нотанын бөлүнүштөрү схема боюнча көрсөтүлдү. Бул мисалдар окуучулар үчүн түшүнүктүү мисалдардан болот.

Нотанын схематикалык мисалдары

## СОЗУЛУШТУН БӨЛҮНҮШТӨРҮ




## НОТАНЫН СОЗУЛУШТАРЫН КЫСКАРТУУ

Нотанын бөлүнүштөрү эки бөлүккө бөлүнөт. Маселен: экиге, төрткө, сегизге, он алтыга, отуз экиге, жуп бөлүктөргө бөлүнгөн. Кээ учурларда кайсы бирлери:

***Маселен:*** бир чейректик үч бөлүккө бөлүнсө созулушу эки сегиздик созулушуна барабар болот.

## ОБОН КҮҮЛӨР

Обон күүлөр угумдуулугуна жана ыҥгайлуулугуна жараша болот. Ал нота боюнча аткарыла берет. Анын өзгөчөлүгү жана артыкчылыгы төмөндөгүдөй айырмаланат. Мындагы чыгармалар күүлөр 15 жылдык комуз ансамблинин тажрыйбасына таянуу менен алынып, алардын дараметине жараша жөнөкөй материалдар менен жазылды. Маселен, сегиздик, он алтылык, отуз экиликтер, чейрек, сегиздик он алтылыктар менен нота жазылды.

***Маселен:*** Токтогул Сатылгановдун “Миҥ кыялы”, Эсенжан Тынаевдин “Чагында” деген күүсүн мисалга алсак болот. Мында I-V-чертилиштеги добуш катары биринчидеги чертилиштер, экинчидеги күүлөнүүлөр, добушу кайсы чертилиште кайсы манжа кайсы кылдардан алары да көрсөтүлдү жана добуштар өз белгиси боюнча белгиленет.

Элдик обондордо анын созулушуна жараша мүнөздөлөт. Маселен, Темиркул Үмөталиевдин “Ой комузчу”, Алыкул Осмоновдун “Замандашыма” жана башкалардан көп кездешет. Демек бул китепке кирген чы

гармалар ошол жазылгандан башка ыкмада аткарылбайт. Мында жазган жеңил үлгүнү өздөштүрүп алгандан кийин бара-бара татаалына өтүш табигый көрүнүш. Демек бара-бара такшалгандын жолун басып өтөөрү керек. Мына ушул сунушту милдет кылдык. Кайсы кылды кайсы чертилиштен алары да көрсөтүлдү.

## СОЛ КОЛДУН МАНЖАЛАРЫ

Сөөмөй - 1, ортон - 2, атыжок - 3, чыпалак - 4.

***Чертүүнүн түрлөрү ар кандай, белгилери да ар кыл.***

Сөөмөй төмөн - V жогору Λ бармактын кылга коюлушу >
ортоңку кылга коюлушу = сол колдуку || эгерде бир түрдө чертсе.
Анда сызыкча - бүткөрүүчү сызык —, коюлат.

***Комузда нота станынын пайдаланышы***

Комузду нота боюнча черткенде өзүнчө бир айырмалары бар. Бирок күн мурунтан нотаны жакшы окуп үйрөнүш керек. Кылдарды табуу. Алмаштырылат.

***Добуштарды чертүүдө кылдын жабылышы.***

**А.** Үстүнкү кыл ре **(ми)** жабылышы ||.
**Б.** Ортоңку кыл **ля** жабылышы =.
**В.** Астыңкы кыл **ми** жабылышы |.

Добуштарды кайсы манжалар менен кайсы кылдардан алынып ойноору көрсөтүлгөн.



## КОМУЗ КЛАССЫНЫН ЖАБДЫЛЫШЫ

Музыкалык мектептерде, балдар борборунда мурунку жол менен окугандыктан окуган жайы ылайыксыз. Азыркы мезгилге ылайык класстын ички көрүнүшү талапка жооп бербегендей. Нотасыз угуу, көрүү жолдору менен атадан-балага уланып келди. Ушундай жол менен сабак алган. Эми ушул мезгилде музыкалык окуу жайынын комуз классы окуучуларга эстетикалык тарбия бергидей болуш керек. Аларды кызыктыра тургандай класс кооз болушу керек. Класстын кире беришинде “Комуз классы” деп жазуу илинип, ичинде төркү дубалда Токтогулдун сүрөтү, “Комуз биз үчүн маанилүү түйшүк”(Эсенжан Тынаев) деген ураан жазылып турусу зарыл.

## БИЗДИН ИЙГИЛИКТЕР

1. Грамота, 2. Үндөрдүн созулушу, 3. комуз менен таанышуу, 4. Кыргыздын элдик музыкалык аспаптары, 5. Шарттуу белгилер, 6. комуздун тарыхы.

Комуз деген темада дубал газета болуш керек. Класста комузчулардын сүрөттөрү: Токтогулдун, Калык Акиевдин, Алыкул Үсөнбаев, Ыбрай Туманов, Атай Огомбаев, Карамолдо Орозов жана башкалар.

Класстык бурч, сабактын расписаниеси, Манастын осуяттары да болуш керек. Музыка боюнча Алыкул Осмонвдун бул төрт сабы ар дайым эсибизде болуш керек.

"Мен суу ичпейм таңдай катып турганда,
Мен нан жебейм алдан тайып турганда,
Музыкадай мага таттуу суусун жок,
Берчи мага жарым кашык музыка".

Республикадагы атактуу Самара Токтокунованын жана конкурстан женгендердин, чет мамлекеттин фестивалынын жеңүүчүлөрүнүн авторлорунун сүрөттөрү көрсөтмө катары илинип турушу керек. Ошентип класстын ички көрүнүшү азыркы эстетикалык жактан талапка жооп бергидей болуусу зарыл.

## ТОКТОГУЛ САТЫЛГАНОВДУН МЕТОДИКАСЫН КОЛДОНУУ

Кыргыздын залкары, улуттук музыкасынын асыл кенчин жаратуучу катары Токтогулду атоого болот. Токтогул кыргыз элинин - муң-зарын, арзууларын, мүдөөсүн, сезим туйгуларын, шаттыгын жана арманын комуздун күүлөрү аркылуу кийинки муундарга устат катарында окуткан десем жаңылбаймын. Себеби Токтогулдан сабак алган көп залкар акындарыбыз, жазуучуларыбыз, музыканттарыбыз болгон. Бул мурунку аткарган Токтогулдун жолу кийинки муундарга тарбия, таалим берүүдө үлгүлүү жол деп айтууга парзбыз. Анткени Токтогул сыяктуу композитор, залкар акындардан педагогикалык методикасынын негизинде Токтогулдан кийинки өскөн, сабак алган акындарыбыз Алымкул Үсөнбаев, Атай Огонбаев, Муса Баетов, Карамолдо Орозов, Калык Акиев, Коргоол Досуев жана башкаларды алууга болот.

Биринчи Калык Акиев 1927-жылдарда Кетмен-Төбөгө барып, Токтогулга жолугуп, Токтогулдан сабак алган. Токтогул адамдын көңүлүн калтырбаган, маңдайы жарык, ажарлуу, элге сүйкүмдүү киши болгон. Кандай комузчу, ырчы болбосун бат эле жанына үйүр кылып, айылдаш жүргөн немедей өзүнө тартып алуучу. Жалаң ыр менен чектелбестен ал эл менен бирдикте болгон. Ошондой эле бир жерде турбастан өзүнүн окуучуларын же болбосо шакирттерин эл арасын аралатып, өзү менен кошо ээрчитип, замандаштарына же болбосо окуучуларына барган.

Эл кыдырганда үйдөгү үйдүн ээсин сүрөттөп, кулк-мүнөзүн, кыял-жоругун ыр менен макалдап айтып көпчүлүк элди күлдүрүп олтурчу. Анын методикасы өзүнчө эле ооз эки илимдин түрү деп айтсак да болот.

Ал өзүнүн шакиртине мындай жолдорду түшүндүрө айтчу. Маселен композитор, комузчу, ырчы, сөздүн чебери болгондон кийин ал практика жүзүндө аш берген жерге ээрчитип барып Калыкка айтаар эле: "Эгер аш берген үйгө барсак, көзү өткөндү жоктосоң анда ошол адамды кошуп комуз чертип ырдайсың, анын кошок ыр болот. Ал эми тойго барсаң тойго ырдалчу ырдын мааниси башка же тойдун ээсин, же баласын кошуп ырдайсың, мунуң мактоо ыр болот деп насыят айтар эле. Ошентип, өзүнүн окуучуларына сабак берген.

Мына ошентип, Токтогул акындык жолду ушундай тажрыйба менен сабак берген.

Алымкул Үсөнбаев дагы Токтогулдан сабак алган Калык Акиев сыяктуу эле. Ыр ырдаганга, акындыкка, комуз черткенге, өзүнүн иш тажрыйбасы менен чын дили менен сабак берген. Токтогул өзү ырчы, акын, комузчу, сөздүн чебери болгондуктан өзүнүн окуучуларына ырдаганды, сөздү жамдаганды жана насыят, кайгылуу ар түрдүү жанрларды сунуш кылган.

## ТОКТОГУЛ МЕНЕН КАКЕЙДИН БАЙЛАНЫШЫ

Ошол өткөн доордун булбулдарынын бири Сарт-мерген уулу Какей болгон. Ал дагы Токтогул районуна караштуу Чоң-Чычкандын Күркүрө деген жеринде турган.

Ал эми Какейда чебер комузчу, кыякчы музыкант болгон. Аны менен өз заманында Токтогул катташып, комуз чертишип турган. Какейдин турмушу кайгылуу болгон. Ошондуктан ал өзүнүн атын атап "Кайгылуу Какей" деген күүнү мурас катарында калтырды. Өз мезгилинде чыгарган күүсүн ошол мурунку мезгилде комузчу, ырчы, акын болобуз деген талантуулар улантып келишкен.

Ошол мезгилинде Кетмен-Төбө көзү өткөн атактуу залкарлардын, музыканттардын мектеби болгон десем жаңылбайм. Ошол мезгилде ошол жергиликтүү Чоң-Чычканда жашаган комузчулар: Какей, Иманкул уулу Тынай, Иманкул уулу Осоке болгон.

Какейдин баласы Жараштар да 1927-жылдан 30-жылга чейин ошол Чычкан айылына жашаган. Атай Огонбаев, Калык Акиев, Алымкул Үсөнбаевдер да ошол жергиликтүү комузчулар Тынай, Осоке, Жараш жана башка комузчулар менен өз ара катташып, комуз чертишкен. Мына ушулардан кийинки муундарга алардын таасири тийди го деп ойлоймун. Кыскача жыйынтыктаганда Токтогулдун кыргыз акындарына, музыканттарына тийген таасири зор. Мунун методикасын комузчуларды даярдоодо

музыкалык жана жогорку окуу жайларына, ошондой эле азыркы турмушка кеңири жайылтсак. Токтогулдун насыят ырларын үлгү ырларын, дастандарын, термелерин өзүнчө программа түзүп, колдонсок. Токтогулдун методикасы боюнча баштадым, анын методикасына көңүл бурулду. Биз кыргыздын маданияты үч кылдуу комузда айрым сунуштарды, өзгөчөлүктөрдү айтып отурабыз. Кыргыз элине Токтогулдун чыгармалары белгилүү. Токтогулдун ысымы кылымдан-кылымга даңазаланып келе жатат. Ал эми кыргыз музыкасында болсо Токтогул баш болгон далай термелер, дастандар, күүлөр, андан мурунку Сартмерген уулу Какейдин күүлөрү элдин жүрөгүндө жашоодо. Какейдин күүлөрү бүткүл элдик күү болуп, эл автор болуп калды. Себеби дегенде бүткүл элдин мүдөөсү, тарыхы, өмүр жолу, элдин турмушу аркылуу баяндалып, элдин турмушу аркылуу өтүп турат. Ошондой эле далай элдик ырлар, күүлөр, дастандар да элдин жүрөк казынасынан жыйналды, элдин турмушунан алынды. ал эми кыргыз музыкасында кийинки муундар терең методикасын окуп жайылтса. Токтогулдун методу боюнча, ырдоо жолу менен комузду окутсак, мындан ары ушул тажрыйбасын кеңири жайылтып, күндөлүк тарбия ишине пайдалансак.

## ТАКШАЛГАН ОКУУЧУЛАР ҮЧҮН КӨҢҮЛДҮҮ САБАК

Комузду такшалып чертип калган окуучулар үчүн, комуз күүсүнөн башка дагы табышмак күүнүн түрлөрүн комуздан берген жетекчиси же мугалими табышмак же көңүлдүү сабак катарында өткөрсө болот. Себеби 4-5 жыл катышкан окуучулар машыгып алардан манжалары 8-дик жана 16-лык нота менен комузду IIчи жана IVчү чертилиштен бачым чертишип калат. Аларды кошумча сабак катары көңүлдүү клубдарды өткөрүүгө болот. Анын программасында шаңдуу күү, обон күү, жалпы хор менен ырдай турган күүлөрдүн аттары жана күүнү чыгарган автордун аттары сөзсүз болууга тийиш.

Бул көңүлдүү сабакты өткөрүш үчүн, ушуну окуткан же комуздун жетекчиси биринчи өзүнүн окуткан окуучуларынын арасынан комузду жакшы черте билген, обону бар ырдай билген окуучуну жетекчиликке дайындап, анан окуучуларды эки командага бөлөт. Ар бир командада жетиден окуучу болуш керек. Алардын команда башчыларын дайындап алгандан кийин мугалим же комуз тобунун жетекчиси эки командадан өзүнө ылайыктуу жакшы окуган окуучулардан эки-экиден калыстар тобуна дайындайт. Андан кийин бул көңүлдүү сабакты башташ керек. Биринчи болуп баштаган команда өзүлөрү чертип жүргөн Карамолдо Орозовдун “Насыйкат”, Ыбрай Тумановдун “Боз салкын”, Токтогул Сатылгановдун “Миң кыял” жана башка обон-күүлөрдөн же Жылдыз Малдыбаеванын Темиркул Үмөталиевдин сөзүнө жазылган “Кыргыз эл” деген же

болбосо Эсенжан Тынаевдин "Ата салты", Мукай Элебаевдин "Эсимде", Токтогул Сатылгановдун "Өмүрүн" айтор өздөрүнө тааныш чыгармадан тандап, аткаргандан кийин күүнүн автору ким экендигин айтыш керек. Анын аткарганына жооп бергенине жараша калыстар тобу баа берип, жооп берген окуучуну кубаттап кол чаап туруулары зарыл. Ошентип эки тарапка тең баанын балынын санын өздөрү баалап көнүшү керек. Андан кийин жалпы аткара турган шаңдуу обон-күүнү аткарса болот.

***Маселен:***

### "КЫРГЫЗ ЭЛ"

Сөзү Темиркул Үмөталиевдики
Музыкасы Жылдыз Малдыбаеваныкы
Жазып алган Эсенжан Тынаев

*Айдыңдуу журтка бар болгон*
*Ааламга даңкы жар болгон.*
*Кызыл кыргын чабышта,*
*Кол баштап өткөн тар жолдон.*

*Кайырма:*

*Кыргызым баатыр кыргызым?*
*Кыргызым менин ырысым.*
*Калкар тоодон пас эмес*
*Туу кармап шаңдуу турушуң.*

*Кайырма:*

*Бооркеч кыргыз ак пейил,*
*Элим менен мактанам.*
*Бактысын коргоп кыргыздын*
*Жоо бар десе аттанам.*

Кайырма:

*Манастан тарап өөрчүгөн*
*адашпай сулуу көркүнөн.*
*Достордун коргоп намысын,*
*Душмандын отун өчүргөн.*



Ошентип ошол өткөрүлө турган кызыктуу сабактан окуучулардын комузка кызыгуусу артып, сабакка катышуусу жакшырат. Алардын музыкалык сезиминин өсүшүнө, сабакты өздөштүрүүсүнө жардам берет. Ошондуктан комуз черткендин бир жагын үйрөтпөстөн, биз артараптан өнүккөн, духовный жагынан бай окуучуларды тарбиялап окутушубуз керек. Окуучулар бара-бара ошол көңүлдүү өткөрүлгөн табышмак күүсүнөн окуунун формасын үйрөнүп отуруп акырында Жогорку окуу жайына багыт алышат.

"НООРУЗ"

*Шандуу Биз да добуш кошолу*

Сөзү, обону Эсенжан Тынаевдики

*Кары дебей, жаш дебей*
*Катышкыла баарыңар.*
*Нооруздун айрыкча*
*Ынтымактуу жагы бар (эки жолу).*
*Аталар да апалар,*
*Агайлар да, эжелер,*
*Кубаныгал баарыңар.*
*Нооруздун айрыкча*
*Касиеттүү жагы бар.*
*Салтыбызды улантып*
*колго алып комузду.*
*Шаттык менен, шаң менен*
*үнүбүздү созолу.*
*Байыртан баштан келаткан*
*Бабалардын жолуна*
*Комуз алып ыр ырдап,*
*Биз да салым кошолу.*

Шандуу



## БАБАЛАРДЫН ОСУЯТЫ

Тарыхый байлыктын кенчи болгон бабалардын осуяты ынтымакка, биримдикке чакырып, өз элин, ата-мекенин коргоого үндөп, кылымдан-кылымга, муундан-муунга мурас катары уланып келе жатат.

***Маселен:*** Манас атабызды алсам.Анын осуяты кыргыз эли үчүн ыйык.

Ал убакта жайы же окуу тармагы болбогон. Эл да сабатсыз болгон.

Ошол себептен нотасыз угуу, көрүү жолдору менен атадан-балага уланып комуз черткенди үйрөнүп келген. Ушундай жол менен сабак алган. Ал тарыхта биринчи болуп, элди ыймандуулукка биримдикке бириктирип, курап, жыйып журт кылган. Ал эми Бакай намысчыл болгула, биримдикте болгула, башкаларга сөз болбогондой болгула, башка элге кеп кетет деген.

Манас атанын оң колу Алманбет кытай болсо, Ак жары Каныкей тажик кызы. Алардын пикирлештери башка улуттан экенине карабай бир жеңден кол, бир жакадан баш чыгарып ынтымакка чакырышкан. Ал Манас бабабыз өз элинин эркиндиги үчүн, кыргыз эли үчүн жанын курман кылган. Ошол мезгилден баштап бабалардын осуяты өз таасирин элге берип, эл менен кошо муундан-муунга уланып, учу-кыйры көрүнбөгөн дайрадай келе жатат.



*БАБАЛАРДАН ОСУЯТ*

*Бул беш күндүк дүнүйө*
*Азиз жаның аманат.*
*улуу кичүү кез келет,*
*Озунуп мурун салам айт.*

*Оозуңдан уккан саламың,*
*Он эки мүчөң аманың.*
*Тилиңден чыккан саламың,*
*Ден соолугуң аманың.*

*Саламдашып кол бергин,*
*Сакалдууга жол бергин.*
*Учурашып кол бергин,*
*улууларга жол бергин.*

*Бабалардан калган сөз,*
*Бир бололу жалпыбыз.*
*Эзелтен калган салтыбыз,*
*Эсен болсун жалпыбыз.*

*Дин мусулман баласы,*
*Боордош достук ынтымак*
*Болбосун ичте аласы.*
Ынтымак качса ыдырап

Ырбап кетет жарасы.
Ордолуу элиң бөлүнөт
Ортого түшүп арачы
Ошол жагын эске алса

Ойлонуп адам баласы.
Чыр чатакты токтотуп
Жашоо керек тынчырак
Жыргал күнгө алпарат

Чыдасаңар ынтымак.
Ынтымагы бар элдин
Ырысы гүлдөй кулпунат.
Илгери карай жылып турмушу

Алдыга карай умтулат.
Ынтымагы жок элдин
Бирине-бири тың чыгат
Ыркы кетип бөлүнүп
ырыскы качат тыркырап.

Тамаша болот айылына
Талашкан итче ыркырап
Бабаңдын сөзүн уксаңдар
Баарына тилейм ынтымак.

Түркүк болуп дүйнөгө
Түбөлүккө ким турат.
Бул ырдын мазмууну:

## 1916-ж. КӨТӨРҮЛҮШТӨГҮ

Сөзүн Элдин кайгысы
Обонун жазган Эсенжан Тынаев





Дыйкан түзөп жерди алды
кедейден чыйрак эрди алды.
Чыгым деп, салып малды алды
Калсыздын баары сандалды.

Салыгын толук бербесе
Зарлантып урду чалдарды
Колунда жок жардынын
койнунда жаткан жарды алды.

Адилет кетти болуштан
Байпак менен тонду алды.
Аркан менен жипти алды
Айтканын койбой жудалды.

Жаман тийди залалы
Айдап келип камады
Чыгаша малы жетпесе
Байлап алып сабады.

## *АТА САЛТЫ*

Сөзү Э. Тынаевдики
Обону Э. Тынаевдики



*Кыргыз эли байыркы эл*
*Элибиздин салты бар.*
*Айдан аман болсун эл*
*Айдай балкып толсун көл. (2 жолу)*

Ак дасторкон жайылсын
Ата-салты байысын.
Аман жүрсүн жалпы эл
Ай жур аман барыңар.

Жакшылыкты тилейли
Жашоо деми жаңырар (2 жолу)

Салтыбызды улантып
Колго алып комузду
Шаттык менен шаң менен
Үнүбүздү созолук. (2 жолу)

## БАЛАЛЫК МЫНА ЭМИ БИЗ

Сөзү Эсенжан Тынаевдики
Обону Досмамбет Аваныкы

Орточо



Күндөр өтөт бирин-бири арыштап
Күлүк айлар кирип келет арыштап.
Жаш кездеги биздин өткөн балалык,
Калып калды кайда калды алыстап.

Бир иш болсо биз ойногон коргондо
Чуркачу элек дароо күбө болгонго.
Калды бекен жылаңайлак баскан изибиз
Айылдагы чаңы чыккан чоң жолдо.

Мына эми ата болдук барыбыз
Эне болду кечеки ыйлаак сары кыз.
Эске түшөт ошол өткөн күндөр ай
Жүрөк өйкөп, жүрөк өйүп сагыныч.

## *ЧАГЫНДА*

Э. Тынаев

Бул күү Эсенжан Тынаевдин иштеген ишинин турмушунан, тажрыйбасынан жаралган.

Күүнүн мазмууну - Окуучуларды, жаштарды ыймандуулукка, эмгекке, боорукерликке чакырат.

*Талпынган жаштык чагында,*
*Тамыскы салбай жалында.*
*Талантың болсо, жетилткин*
*Талпынган күчүң барында.*

*Жылдыздуу гүлгүн чагында*
*Жылынбай отко жалында*
*Мекениң күтөт өзүңдөн*
*Мээнет кыл күчүн барында.*

*Гүлгүндөй жап-жаш чагында*
*Күнүгө күчөп арымда*
*Күкүгү болгон заманда*
*Күү чертип элге салымда.*





## *ГҮЛГҮН ЖАШ*

Обону Эсенгул Ибраевдики
Нотасын жазган Э.Тынаев



*Өткөн өмүр өкүнтөт айла барбы*
*Өкүнгөндө же табар пайда барбы.*
*Күлкү менен ыр менен таң атырган*
*Гүлгүн жашай, гүлгүн жаш кайда калды.*

*Жылаңайлак суу кечкен сайда калды*
*Жылгалардан гүл тергөн жайда калды*
*Ишке тойбой таң менен күн батырган.*
*Жалын жашай, жалын жаш кайда калды.*

*Ташты эритеер сендеги чоктун деми*
*Кайсыл топко алпарып коштуң мени.*
*Айрылгым жок, айрылбас аргам да, жок,*
*Кошкун гүлгүн жаштыгым, кошкун эми.*

## КАЙГЫЛУУ КАКЕЙ

Сөзү жана обону Сортмерген уулу Какейдики
Нотасын жазган Эсенжан ТЫНАЕВ.



## СЕЛКИНЧЕК

Жайыраак

Нотасын жазган Э.ТЫНАЕВ.



## КЕРБЕЗ

Тездетүү



## АК ТАМАК КӨК ТАМАК

Тез




## ЖАШ ТИЛЕК

Мелүүн



## КАМБАРКАН

Тез






## СУЛУУ КЫЗ



## КҮҢӨТАЙ



## ЖАШТАРАЙ



## БЕШ ЫРГАЙ





*КОЛХОЗ КҮЙГӨНҮ*

Жайыраак



*ЖАШ КЕРБЕЗ*

Эргүү менен кыялданып — К.Орозов.





## ЧОН КЕРБЕЗ

Женилирээк

М.Куренкеев.





## ЖҮРӨК ТОЛКУЙТ

Шаңдуу, эргүү менен




sim
gl


0 1 1 2 4 1 2 4


5

## *ТЯНЬ-ШАНЬ*

Шандуу | элдики



## *АК-БАКАЙ*

Эргип, кумарлануу менен

К.Досуев.







## МИҢ КЫЯЛ

Көңүлдүү

Т.Сатылганов.









*НАСЫЙКАТ*

Салмактуу

Элдики




0 1 2 4 1 2 4




0 1 2 4 1

# ГҮЛ

Эргүү менен

А.Огомбаев





## БАЛА КЕРБЕЗ

Шандуу, ылдам

Т.Сатылганов







## *АЯГЫНДА*

Мен бул өзүмдүн "Жаш комузчуларга жардам" деген эмгегимди колумдун келишинче азыркы мезгилдеги өсүп жаткан элдин талабына жараша жаштарды окутууга, аларды мурунку метод боюнча көрүү, угуу жолу менен гана комуз черткенге үйрөтпөстөн, ырдаганды, обон-күүлөрдү, тамашалуу күүлөрдү, дастандарды, термелерди комузда нота боюнча сабаттуу кылып үйрөтүүгө болоорун , Токтогулдун методу боюнча аш бергенде кошок ырын же күүсүн, ал эми майрам күндөрдө же той бергенде ошол үйдүн ээсин мактап ырдаганды жана ар кайсы темада сабак өтүүнү сунуш кылдым.

Ошондой эле бул эмгегим кыргызыбыздын залкары, улуттук музыкасынын асыл кенчин жаратуучусу Токтогулдун методун жайылтууга үндөйт.

Комузду күүлөгөндү, үндөрдүн созулуштарын, андан тышкары жаштар машыккандан кийин табышмак күүлөрдү, көңүлдүү сабактарды өткөндө жаштардын кызыгуусу бара-бара өсөөрүн, ошондой эле аралыктардын көлөмүн, манжаны басканды шарттуу белгилерди жана комузчу болуш үчүн биринчи комуздун тарыхын окутууну сунуш кылдым. Ушул менин иштеген ишимдин тажрыйбасы аркылуу сунушумду колдонот деген ойдомун. Ошондой эле ошол окуучулардын окуп жаткан классында жасалгасы болушун жана акындардын сүрөттөрү, Токтогулдун сөздөрү, Токтогулдун ошол 1927-жылындагы окуткан же сабак берген методикалык тажрыйбасы тууралуу стенд болуш керектигин, фото-көргөзмөнүн темасы "Комуз биз үчүн чоң түйшүк" деген темада. Менин сунушум методикалык көрсөтмөлөрдө толугу менен колдонулат. Балдарды окутаарда алардын биринчи үч принциби боюнча тандап окутса болот.

МАЗМУНУ


КОМУЗДУН ТАРЫХЫ ЖАНА АНЫН АДЕПКИ ЧЫГЫШЫ ЖӨНҮНДӨ БАЯН ____ 3
КОМУЗДУН ЧЫГЫШЫ ЖӨНҮНДӨ ____ 3
КОМУЗЧУЛАР ҮЧҮН КҮНДӨЛҮК САБАКТА ЧЕРТҮҮНҮН ПРАКТИКАЛЫК КҮҮЛӨРҮ ____ 4
КОМУЗ МЕНЕН ОКУУЧУНУ ТААНЫШТЫРУУ ____ 5
КОМУЗДУН КҮҮЛӨНҮШҮ ____ 6
ҮНДӨР ТУУРАЛУУ ____ 8
КӨНҮГҮҮ ЭРЕЖЕСИ ____ 9
НОТАНЫ ОКУУ ____ 12
ЧЕРТИЛИШТЕР БОЮНЧА КӨНҮГҮҮЛӨР ____ 13
МУЗЫКАЛЫК ҮНДӨРДҮН КАСИЕТТЕРИ ____ 18
МУЗЫКАЛЫК ҮНДӨРДҮН АТТАРЫ ____ 18
ОКТАВАЛАРДЫН АТТАРЫ ____ 18
КОМУЗ КҮҮСҮНҮН ТҮРЛӨРҮ ____ 18
КОЛ ОЙНОТМО КҮҮЛӨР ____ 18
КАЙГЫЛУУ КҮҮЛӨР ____ 19
КОМУЗДАГЫ ЧОҢ ЖАНА КИЧИНЕ ЖАНРДАГЫ КҮҮЛӨР ____ 19
КОМУЗ ЧЫГАРМАЛАРЫНДА НОТА ТААНУУНУН АЧЫЛЫШЫ ____ 19
МУЗЫКАЛЫК САБАК ____ 20
ШАРТТУУ БЕЛГИЛЕР ____ 21
БИРИНЧИ ЧЕРТИЛИШТЕГИ ҮНДӨР ____ 21
СОЗУЛУШТУН БӨЛҮКТӨРҮ ____ 22
НОТАНЫН СОЗУЛУШТАРЫ ЖӨНҮНДӨ ТҮШҮНҮК ____ 24
БӨЛҮНҮШТӨР ____ 25
СОЗУЛУШТУН БӨЛҮНҮШТӨРҮ ____ 25
НОТАНЫН СОЗУЛУШТАРЫН КЫСКАРТУУ ____ 25
ОБОН КҮҮЛӨР ____ 25
СОЛ КОЛДУН МАНЖАЛАРЫ ____ 25
КОМУЗ КЛАССЫНЫН ЖАБДЫЛЫШЫ ____ 25
БИЗДИН ИЙГИЛИКТЕР ____ 27
ТОКТОГУЛ САТЫЛГАНОВДУН МЕТОДИКАСЫН КОЛДОНУУ ____ 27
ТОКТОГУЛ МЕНЕН КАКЕЙДИН БАЙЛАНЫШЫ ____ 28
ТАКШАЛГАН ОКУУЧУЛАР ҮЧҮН КӨҢҮЛДҮҮ САБАК ____ 29
КЫРГЫЗ ЭЛ ____ 30
НООРУЗ ____ 30
БАБАЛАРДАН ОСУЯТ ____ 32
1916-Ж. КӨТӨРҮЛҮШТӨГҮ ____ 33
АТА САЛТЫ ____ 34
БАЛАЛЫК МЫНА ЭМИ БИЗ ____ 35
ЧАГЫНДА ____ 36
ГҮЛГҮН ЖАШ ____ 36
СЕЛКИНЧЕК ____ 38
КЕРБЕЗ ____ 38
АК ТАМАК КӨК ТАМАК ____ 39
ЖАШ ТИЛЕК ____ 39
КАМБАРКАН ____ 39
СУЛУУ КЫЗ ____ 40
КҮҢӨТАЙ ____ 41
ЖАШТАРАЙ ____ 41
БЕШ ЫРГАЙ ____ 41
КОЛХОЗ КҮЙГӨНҮ ____ 42
ЖАШ КЕРБЕЗ ____ 42
ЧОҢ КЕРБЕЗ ____ 42
ЖҮРӨК ТОЛКУЙТ ____ 44
ТЯНЬ-ШАНЬ ____ 48
АК-БАКАЙ ____ 49
МИҢ КЫЯЛ ____ 51
НАСЫЙКАТ ____ 54
ГҮЛ ____ 58
БАЛА КЕРБЕЗ ____ 59
АЯГЫНДА ____ 62

**Комуз**
*Эсенжан Тынаев*

Техникалык редактор *Матиева Э.Р.*
Корректор *Абдрахманова Г.З.*

Терүүгө 10.02.98. берилди. Басууга 08.04. 98. кол коюлду.
Кагаздын форматы 70X90$^{1}/_{16}$. 4 физ. асма табак.
Нускасы 1000. Заказ 5.

"Plus" басмаканасында басылды.
Бишкек ш., Совет көчөсү, 204.